# Бишкек шаарындагы №94 ЖОББМнын 2022-2023-окуу жылында

# Мамлекеттик тил боюнча, кыргыз тили жана кыргыз адабияты бирикмесинин жыл ичинде иштелген иштери боюнча отчет-анализдери

Мамлекеттик тил боюнча жылдык план түзүлүп, бекитилди. Түзүлгөн иш план боюнча мамлекеттик тил, кыргыз тили жана адабияты мугалимдерине бирикме тарабынан чогулуш өтүлдү. Чогулушта программалар менен иштөө, календарлык пландагы сааттардын бөлүштүрүлүшү, ар бир мугалимдин иш темасы тууралуу, окуу китептеринин камсыз болушу талкууланып бекитилди.

Мугалимдерге журнал толтуруу, жаңы стандарт боюнча календарлык, күндөлүк пландарынын түзүмдөрү, баа коюнун нрмалары жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Төмөндөгү аты аталган мугалимдер бөлүштүрүлгөн жүктөмдөр боюнча кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабагын өтүп башташты.Алар:

1.Асанова Мундузкан Мусабековна 26саат

2.Гүлжигитова Шаангүл Абдимanaповна 24саат

3.Иманалиева Чолпон  Кеңешбековна  24саат

4.Калчаева Эрмек Суйунбековна  20саат (5 саат ийрим)

5.Муңайтбасова Айгүл Кыдырназаровна 27саат

6.Наргозуева Элмира Байышбековна 26саат

7.Орозалиева Таңчолпон Замирбековна 24саат

8.Орозобаева Миргүл Мукановна 27саат

9.Сынданбекова Аида Сынданбековна 24саат

10.Таджибаева Гүлмира Зикриллоевна 25саат

Ал эми орус класстар үчүн кыргыз тили сабагынан берген мугалимдер:

1.Калчаева Эрмек  Суйунбековна 2саат

2.Орозалиева Таңчолпон Замирбековна 3саат.

3.Сынданбекова Аида Сынданбековна 1саат

Мектеп китепканасынан окуучулардын 70% китеп менен камсыз болушту.

Мектеп ичинде иш кагаздарынын кыргыз тилинде жүргүзүлүшү каралды.

-Класс ичиндеги эрежелер

-Маалыматтар

-Көрсөтмөлүү такталар ж.б.у.с. кыргыз тилинде жүргүзүлүшү сунушталды.

**Сентябрь** айында төмөндөгүдөй иштер жүргүзүлдү.

12-сентябрда Мамлекеттик тил мыйзамынын 33жылдыгына карата мектеп ичинде ураан-чакырыктар илинди.

23-сентябрда Мамлекеттик тил күнүнө карата салтанаттуу жыйын өткөрүлдү.

Салтанаттуу жыйында окуучулар көркөм ыр айтуу менен бирге окуучулар кийимдерине эне тил жөнүндөгү ураан-чакырыктарды жаздырып, кийип чыгышты.Бүгүнкү күндөгү көрнөк-жарнактардын туура эмес ката жазууларын ак кагазга жазып, окуучуларга көрсөтүштү.

Андан сырткары 16-сентябрдан 23-сентябрга чейин кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинин декадасы болуп өттү. Декаданын жүрүшүндө ар бир кыргыз тили жана адабияты мугалими өздөрүнө тиешелүү график менен ачык сабактарды өтүштү. Ачык сабактар мектептин методисти тарабынан "жакшы", "эң жакшы" деп бааланды. План боюнча 5-класстардан текшерүү иретинде жат жазуу иштери алынып, жыйынтыгы чыгарылды.

**Октябрь** айында

Баштапгыч класстардын окуу техникасы алынып,справкалар жазылды. Жыйынтыгы чыгарылып жетекчиликке отчеттор тапшырылды. Мындан тышкары начар окуган окуучулар, нормага жетпеген окуучулар, кол жазмасы начар окуучулар менен иштөө пландары түзүлүп, Iчейрекке карата мугалимдерге тапшырмалар берилди. Ошондой эле чейрек жыйынтыкталып, мугалимдер отчетторун,жазуу иштерин,мониторингдерди тапшырышты.

II чейректин башында кыргыз тили бирикмесинин чогулушу болуп өттү. Бул чогулушта чейрек ичинде жүргүзүлүүчү иштер жөнүндө бирикменин башчысы тарабынан тапшырмалар берилди.

**Ноябрда** Токтоболот Абдымомуновдун 100 жылдыгына карата 10-класстар арасында таймаш-сабак өткөрүлдү. Таймашты кыргыз тили жана адабияты мугалими Тажибаева Гүлмира уюштурду.

**Декабрь айында** 4-декабрь - "Манас" эпосунун күнүнө карата "Манас таануу" таймашы өткөрүлдү. Уюштуруучулар кыргыз тили жана адабияты мугалимдери Орозобаева Миргүл Мукановна жана Асанова Мундузкан Мусабековна болду. Таймаш Манас айтуу менен коштолду. Аягында катышкан топтордун жеңүүчүлөрүнө грамоталар тапшырылды.

12-декабрь – Улуттук адабият күнү. "Адабият алптарына таазим" аттуу конкурс өткөрүлдү. Конкурска 5-6-7-8-9-10-11-класстар катышышты.

**Кыргыз тили жана адабияты сабактарынын дептерлерин текшерүү**

Сентябрь,октябрь,ноябрь,декабрь айларында жалпы кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин дептерлери текшерилди. Анда дептерлердин уюшулушу, алардын сырты, даректин толук жазылышы,окуучулардын каллиграфиясы каралды. Аны менен катар дептерлерде көнүгүүлөрдүн иштетилиши, баа коюу нормалары, көнүгүүлөрдүн өлчөмү каралды. 3-9-класстардын кыргыз тили дептерлеринин абалы, жазуу иштери текшерилди. Текшерүүнүн жыйынтыгында каллиграфиясы начар,сабактан жетише албаган окуучуларга справка түзүлдү.

Чейректин жыйынтыгы менен чейректер чыгарылып, мониторингдер,жазуу иштери,отчеттор тапшырылды.

**21-февраль -** Эл аралык эне тил күнүнө карата мектепте "Тил достуктун ачкычы" аттуу иш-чара өткөрүлдү. Иш-чара жогорку деңгээлде болду. Анда 4-11-класстар арасында кызуу таймаш болду. Ар бир усулдук бирикме ар улутту тандап алышты жана алардын каада-салтын, үрп-адатын, улуттук бийин, улуттук тамак-аштарын жасашып, атайын слайд даярдап ,слайдда ошол улуттун тарыхын чагылдырып, презентация кылып беришти.

**3-март –** Кыргыз мамлекетинин Туусунун кабыл алынган күнү. Мында Желек күнүнө карата салтанаттуу жыйын өткөрүлдү. Жыйын ыр-бий менен коштолуп, желек бийикке көтөрүлүп, желбиреп турду.

**5-март** Кыргызстанда "Ак калпак" күнүн белгиледик. Мында окуучулар менен атайын флешмоб өткөрдүк.

**6-март "Кыргыз тилин окутууда улуттук тарбияны колдонуу аркылуу, окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүү"** деген темада райондук семинар өткөрдүк. Семинарга Мамлекеттик тил боюнча жетектөөчү адис Э.Т. Абдыкасымова жана райондогу 27 мектептен 41 мугалим катышты. Анда кыргыз тили жана адабияты мугалимдери келген коноктордун катышуусунда тренинг жана ачык сабактарды өтүштү.

3-чейректи жыйынтыктоо алдында турабыз, ошого байланыштуу кыргыз тили жана адабият мугалимдери жазуу иштерин, тесттерди, окуу техникасын алууга даярданып жатышат.

**23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата салтанаттуу жыйын**






КЫРГЫЗ ТИЛИМ - КӨӨНӨРБӨС,
ӨЧПӨС ДИЛИМ!
23-сентябрь- Мамлекеттик тил күнү
23-сентябрь
тилинин майрамы

**Токтоболот Абдымомуновдун 100 жылдыгына карата 10-класстар арасында таймаш-сабак**





**4-декабрь "Манас" күнүнө карата "Манас таануу" таймашы**







ТАЙТОРУ


МАНАСЫМ

**21-февраль - Эл аралык эне тили күнүнө карата мектепте "Тил - достуктун ачкычы" аттуу иш-чара өткөрүлдү**


**Ар улуттук тамак-аштары**











21-ФЕВРАЛЬ
ЭЛ АРАЛЫК ЭНЕ ТИЛИ КҮНҮ
МЕЖДУНАРОДНЫЙ ДЕНЬ РОДНОГО ЯЗЫКА
INTERNATIONAL MOTHER LANGUAGE DAY


21-ФЕВРАЛЬ
ЭЛ АРАЛЫК ЭНЕ ТИЛИ КҮНҮ
МЕЖДУНАРОДНЫЙ ДЕНЬ РОДНОГО ЯЗЫКА
INTERNATIONAL MOTHER LANGUAGE DAY


МЕЖДУНАРОДНЫЙ ДЕНЬ
INTERNATIONAL MOTHER LANGUAGE
21- февраль-Эл аралык эне тил




МЕЖДУНАРОДНЫЙ ДЕНЬ РОДНОГО ЯЗЫКА
INTERNATIONAL MOTHER LANGUAGE DAY


МЕЖДУНАРОДНЫЙ ДЕНЬ РОДНОГО ЯЗЫКА
INTERNATIONAL MOTHER LANGUAGE DAY




МЕЖДУНАРОДНЫЙ ДЕНЬ РОДНОГО ЯЗЫКА
INTERNATIONAL MOTHER LANGUAGE DAY

**3-март – Кыргыз мамлекетинин Туусунун кабыл алынган күнү**












5-март Кыргызстанда “Ак калпак” күнүн белгиледик







**6-март "Кыргыз тилин окутууда улуттук тарбияны колдонуу аркылуу, окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүү"** деген темада райондук семинардан көз ирмемдер






ТЕМА: САН АТООЧТУН МААНИСИНЕ КАРАЙ БӨЛҮНҮШҮ
САН АТООЧ
9


КЫРГЫЗ




ӨСТҮРҮҮ


4
5
6